# Тааныш куралдар, пайда болуп жаткан маселелер:

## Адаттагы адам укуктарына мониторинг жүргүзүүнү пайда болуп жаткан маселелерге ыңгайлаштыруу

Жүздөгөн волонтерлордун жардамы менен «Миннесоталык Адвокаттар» 25 тен ашуун өлкөдөгү адам укуктарынын абалына байкоо жүргүзүп, адам укуктары боюнча 50дөн ашуун отчетторду жазып чыгышты. Адам укуктарына адаттагыдай эле мониторинг жүргүзүү ыкмаларын колдонуу менен, «Миннесоталык Адвокаттар» адам укуктары бузулган учурларды документтештиришти. Ошону менен алар бул ыкмаларды адам укуктарына байланыштуу өтө олуттуу проблемаларды аныктоодо пайдалануу мүмкүнчүлүгүн түзүштү. Мексикада, Непалда, Түштүк Европада жана КМШдагы аялдарга карата зомбулук жөнүндө жазылган отчеттор жарыкка чыгып, анда ар бир өлкөнүн аялдардын укуктарына байланыштуу мыйзамдарына жана жергиликтүү укук коргоо системасына анализ жасалган. Ошондой эле бул отчеттордо мыйзамдарды жана мыйзам колдонуу практикасын адам укуктары боюнча эл аралык милдеттенмелерге кантип дал келтирүү жөнүндө сунуштар да камтылган. Жакында эле биз чет өлкөдө колдонулган ыкмаларды өзүбүзгө ылайыкташтырып, биздин коомдо качкындар менен иммигрант аялдар аларга жардам же үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргонуу керек болгондо ар кандай кыйынчылыктарга дуушар болуп жаткандыгын изилдедик жана документтештирдик.

Ошондой эле «Миннесоталык Адвокаттар» адаттагы адам укуктарына мониторинг жүргүзүү жолу менен алдын алууга мүмкүн болгон жаш балдардын өлүмүнүн ашыкча көрсөткүчтөрүн адам укуктарынын бузулушу катары документтештирип, өнүгүүсү ар кандай деңгээлде болгон үч өлкөдө - АКШда, Мексикада жана Угандада изилдөө жүргүзүшкөн. Анын жыйынтыктары боюнча «Дүйнөдөгү жаш балдардын жашоо үчүн күрөшү: Адам укуктарындагы эң биринчи маселе» деп аталган отчет жарыкка чыгарылды. Андагы көрсөтүлгөн мисалдар күбө болгондой, айрым топтогу жаш балдар, мисалы, (этникалык) азчылыктардын балдары алардын укуктарынын үзгүлтүксүз бузулушунан жабыр тартып келишет. Жаш балдардын жашоо үчүн күрөшүнө түздөн-түз тиешелүү социалдык жана экономикалык факторлорду баса көрсөтүү менен алдын алууга мүмкүн болгон жаш балдардын өлүмүнүн жогоку көрсөткүчтөрүн азайтууга болот. Жакында эле биз ушул ыкмаларды өткөөл процесстеги өлкөлөрдүн сот системасынын механизмдерине байкоо жүргүзүү үчүн ыңгайлаштырдык. Перу жана Сьерра Леоне сыяктуу өлкөлөр зомбулук менен репрессиядан тынчтыкка, адилеттүүлүккө жана макулдаштыкка өтүү процессинде турушат. Бул деген укук коргоо ишинде жаңы замандын башталышын билдирет. Уламдан-улам бул өзгөрүү мурда болгон адам укуктарын бузуу фактыларды институционалдык реформа жүргүзүүгө бетме-бет коюп, ошонун жардамы менен адам укуктарын коргоого алып келип жатат.

Адам укуктарына мониторинг жүргүзүү – өткөөл процесстеринин алга жылып жаткандыгына ынануунун жолдорунун бири. Ушундай байкоо жүргүзүү жана анын жыйынтыгын коомго жарялоо ыкмасын колдонуп, биз адам укуктарында көзгө көрүнөрлүк жакшыртууларга жетишкендигибизди сезип келебиз. Бул тактикалык материалда «Миннесоталык Адвокаттардын» адам укуктарына мониторинг жүргүзүү ыкмаларын улам пайда болуп жаткан адам укуктарынын проблемаларына ыңгайлаштыруунун практикалык жанан туруктуу стратегияларын кандайча тандап алышкандыгы жөнүндө сөз болот.

## Эмне үчүн адам укуктарына мониторинг жүргүзүү зарыл?

Адам укуктарына мониторинг жүргүзүү «Миннесоталык Адвокаттарга» окшогон бейөкмөт уюмдар тарабынан адам укуктарын бузуп жаткан өкмөттөрү белгилүү нерселерди жасоого мажбурлоо (жаңы мыйзамды кабыл алдыруу) же жасатпай коюу (полиция тарабынан кармалгандарга кыйноо көрсөтпөө) үчүн кысым жасоодо пайдаланылуучу эффективдүү курал болуп эсептелет. Түздөн-түз колдонгон учурда, мониторинг жүргүзүү жабырланган жеке жактар үчүн мыйзамсыз камалганда бошонууга же болбосо өз укугун коргоо үчүн мыйзам чегиндеги иш-чараларды көрүүгө жардамы тиет.
Жалпысынан алганда, адам укуктарына мониторинг жүргүзүү өкмөттөрдү адам укуктарынын эл аралык стандарттарын кабыл алууга жана ишке ашырууга үндөө үчүн колдонулат.

Мониторинг жүргүзүү учурунда чогултулган маалымат ар түрдүү максаттарда керектелиши ыктымал. Ал коомчулукту кабардар кылуу үчүн эл агартуу кампанияларында же болбосо массалык маалымат каражаттарынын (ММК) жана жекече иш-аракеттердин жардамы менен өкмөткө түздөн-түз таасир этүүдө пайдаланылса да болот. Көп учурларда бейөкмөт уюмдар мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктарын өлкө ичинде жана эл аралык деңгээлде саясий чечим кабыл алуучулардын, илимпоздордун жана ишкер лидерлердин көңүлүн буруу үчүн даярдашат.
Азыркы кезде мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары үзгүлтүксүз түрдө Бириккен Улуттар Уюмуна, регионалдык адам укуктары боюнча органдарга жана квази-өкмөттүк уюмдарга (адилетттүүлүк жана тынчтык комиссияларына, кылмыш иштери боюнча трибуналдарга) маалымдалып турат. Адам укуктарына мониторинг жүргүзүү ошондой эле пайда болуп келаткан конфликттердин алдын алууда аябай керектүү.

## №1-мисалды изилдөө: Болгариядагы үй-бүлөдөгү зомбулук

Үй-бүлөдөгү аялга карата зомбулук эл аралык деңгээлде приоритеттүү маселе болуп таанылганына аз эле убакыт болду. 1980-жылдардын аягында жана 1990-жылдардын башында бир нече факторлор (аладын ичинде адам укуктарын гендердик изилдөө, Вена Декларациясынын негизинде бейөкмөт уюмдарын түзүү, мурунку Югославиядагы зордуктоо жана жыныстык кылмыштардын үзгүлтүксүз болуп турушуна карата эл аралык нааразылык) чоң кыймылдын пайда болушуна алып келип, акырында аялдардын адам укуктары таанылган.
1993-жылдан бери «Миннесоталык Адвокаттар» адаттагы адам укуктарынын фактылардын бетин ачуу ыкмаларын аялдардын адам укуктарынын бузулушунун: үй-бүлөдөгү зомбулук, зордуктоо, жумушка алуудагы дискриминация, жумуш ордундагы сексуалдык кысым жана аялдар менен кыздардын үстүнөн соода жүргүзүү сыяктуу укук бузууларды документтештирүүгө ыңгайлаштырып келишти.
Азыркы учурда адам укуктарынын гендердик проблемаларына байланыштуу фактылардын бетин ачуу жана анны коомчулукка билдирүү кеңири колдонулганы менен, өз кезегинде, өкмөт жабырлануучуларды коргобогон же коргой албаган кезде жеке адамдар тарабынан жасалган адам укуктарын бузууларга байкоо жүргүзүү өтө сейрек кездешчү.

1995-жылы Болгариядагы аялдар тобунун чакыруусу менен «Миннесоталык Адвокаттар» үй-бүлөдөгү зомбулук боюнча изилдөө жүргүзүп, документтештирүү үчүн делегация жиберди. Фактылардын бетин ачуу миссиясы аяктаган соң, «Миннесоталык Адвокаттар» адам укуктарынын стандарттарын колдонуп, Болгариянын укуктук системасынын үй-бүлөлүк зомбулукка карата көргөн чараларын анализдеп чыгышкан.

«Миннесоталык Адвокаттардын» 1996-жылы «Болгариядагы үй-бүлөлүк зомбулук» деп аталган отчетунда көрсөтүлгөндөй, жабырлануучулар полицияга кайрылганда алгылыктуу жардам ала албагандыгы баяндалат. Прокурорлор үй-бүлөдөгү зомбулукту «үй-бүлөнүн жеке иштери» деп эсептешип, ал эми соттор болсо күнөкөрлөрдү жасаган кылмыштары үчүн жоопко тартпагандыгы да жазылат. Андан тышкары үй-бүлөдөн зомбулук көргөндөр үчүн баш калкалар жайлардын же атайын жардам кызматтары жок экендиги маалым болгон. Бул отчет жарыялангандан кийин, «Миннесоталык Адвокаттар» Болгариядагы укук коргоо жана аялдар топтору менен шериктештикте, жабыр тарткан аялдарга жакшыртылган жардам берип, коргоо максатында атайын укук адистерин жана адвокаттарды даярдап, окута башташкан. 1996-жылы «Миннесоталык Адвокаттар» эки бейөкмөт уюм менен биргеликте адам укуктарына мониторинг жүргүзүү ыкмаларын колдонуп, долбоор иштеп чыгышкан.

Бул эки жылдык долбоордун максаты:

1) Варна менен Пловдивдеги, Болгария, жабыр тарткан аялдардын абалын документтештирүү;
2) Болгарияда жумуш ордундагы жыныстык жактан дискриминациялоо жана сексуалдык кысым фактыларын документтештирүү;
3) ММКда аялдарга карата жасалган мамиле боюнча изилдөө жүргүзүү;
4) Болгариянын эки орто мектебинин бүтүрүүчү класстарында аялдардын адам укугу жөнүндө сабак өткөрүү эле.

«Миннесоталык Адвокаттар» долбоордун ар бир бөлүгүн ишке ашырууда шериктеш уюмдар менен биргеликте иш алып барышты. Бул долбоордун астында жүргүзүлгөн изилдөөлөр аялдарды үй-бүлөдөгү зомбулуктан коргоочу жакшы мыйзамдарды кабыл алуу Болгариялык бейөкмөт уюмдар тарабынан талап кылынганда да керектелди. «Миннесоталык Адвокаттар» менен Болгариялык Гендердик Изилдөө Фонду консултацияларды өткөрүшүп, коргоочу мыйзамдын жарандык тартиби тууралуу долбоор иштелип чыгып, ал 2003-жылдын апрелинде Болгариянын парламентине сунушталган. Региондо биринчи жолу бул мыйзам жабыркаган аялдарга соттон жарандык буйрук алганга мүмкүнчүлүк түзөт. Бул жарандык буйрукка ылайык, зомбулук көрсөткөн күнөкөр жабырлануучудан алыс жүрүшү керек.
Миннесотанын коргоочу мыйзамынын жарандык тартибинин мисалында иштелип чыккан Болгариянын мыйзамы зомбулуктан жабырлануучуларга кечиктирилгис коргоону камсыз кылат. Эми коргонуу үчүн алдын ала күнөкөр менен ажырашуунун же болбосо күнөкөргө карата кылмыш-жаза чараларын колдонуунун кажети жок.
Сунушталган мыйзам долбоорун талкуулоо максатында «Миннесоталык Адвокаттардын» кызматкерлери жана волонтерлору 2003-жылдын майында парламент мүчөлөрү жана журналисттер менен жолугушту. Пресса менен маектешүүлөр сунушталган мыйзам жана ал Миннесотада кантип иштегендиги тууралуу болуп жаты.
«Миннесоталык Адвокаттардын» кызматкерлери жана волонтерлору 2003-жылдын ноябрь айында Болгарияга кайрадан келишти. Алардын максаты полиция менен сотторго жаңы мыйзам жана үй-бүлөдөгү зомбулуктун динамикасы тууралуу тренинг өткөрүү болчу.
Бул мыйзам 2003-жылдын 30-июнунда Болгариянын парламентинде биринчи талкуудан өтүп, экинчи талкуу 2004-жылдын күзүнө белгиленди. Мыйзам Болгариялык жана региондогу бардык аялдар үчүн чоң жетишкендик болду. Ошондой эле ал адам укуктарына мониторинг жүргүзүүнү натыйжалуу пайдалануунун жана ар кайсы өлкөлөрдөгү укук коргоочулардын ийгиликтүү жана жемиштүү шериктештигинин мисалы боло алат. Долбоорду ишке ашырууга катышкан «Миннесоталык Адвокаттардын» волонтерлорунун бири үчүн Болгариядагы үй-бүлөлүк зомбулук проблемалары менен иштөө өзгөчө таасир калтырды. Ал өз башынан өткөргөн окуяларды кайрадан көрүп жаткандай сезди. Мындан дээрлик отуз жылдай мурун ал Миннесотада коргоочу мыйзамдын жарандык тартибин киргизүү үчүн иштеген эле. Анда бул мыйзам АКШда

экинчи болуп кабыл алынган. «Болгарияда болуп жаткандардын көбү Миннесотада мындан 25 жыл мурун болгон эле» дейт ал.

## Адам укуктарына кантип мониторинг жүргүзүү керек?

**Адам укуктарына мониторинг жүргүзүү 101: Мониторинг жүргүзүүнүн негиздери, фактылардын бетин ачуу жана документтештирүү.**

Адам укуктарына мониторинг жүргүзүү – кеңири түшүнүк. Ал маалыматты адам укуктарынын проблемаларын аныктоо үчүн чогултууну, текшерип чыгууну жана кечиктирилгис түрдө колдонууну билдирет. Негизинен алганда, мониторинг жүргүзүү өзүнө окуя болуп өткөн жерде фактылардын бетин ачууну жана укук бузу бар же же жок экендигин тактоо максатында байкоо жүргүзүүнү, проблеманы документтештирүүнү, ошондой эле эл аралык адам укуктарынын нормаларына дал келгидей абалды жакшыртуу боюнча сунуштарды камтыйт.

Адам укуктарына мониторинг жүргүзүүнүн ыкмалары төмөнкүдөй иш-чараларга алып келет: инциденттер же өкмөттүн саясаты тууралуу маалыматты чогултуу; сотпроцесстеринде, шайлоолордо, демонстрацияларда жана коомдук угууларда байкоо жүргүзүү, түрмө жана качкындар лагери сыяктуу жайларга баруу; күбөлөр, жабырлануучулар, адвокаттар жана өкмөт кызматчылары менен маектешүү, далил боло ала турган материалдарды жана маалыматтарды чогултуу; далилдерге жана факт боюнча корутундуларга баа берүү.

Окуя болгон жердеги иш-чаралардан тышкары, адам укуктарына мониторинг жүргүзүү ыкмалары жалпысынан алганда мыйзамдарды, ММКдагы билдирүүлөрдү, документтерди жана каттарды карап чыгууну да камтыйт.

Изилдөөнүн жыйынтыктары жөнүндө отчет жазылышы да мүмкүн; ал билим берүү, эдвокаси(идеяларды пропагандалоо) жана башка андан аркы иш-аракеттер үчүн негиз катары пайдаланылса болот.

**МОНИТОРИНГДИН МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ:**

● Ал узак убакыт аралыгында ишке ашырылат.

● Ал мүмкүн болушунча көп маалыматты чогултууну талап кылат.

● Бул абалга жакындан байкоо жүргүзүп, болуп жаткан өзгөрүүлөрдү үзгүлтүксүз жана маал-маалы менен текшерип жана документтештирип турууну билдирет

● Стандарттар менен нормалар абалдын кайсы жагы туура эмес болуп аткандыгын аныктоо үчүн колдонулат

● Мониторинг жасоо процессинде атайын аспаптар жана куралдар пайдаланылат

● Мониторингдин жыйынтыгында адатта абал тууралуу отчет жазылат

● Отчет андан аркы иш-аракеттерге негиз катары керектелет

Гусман Мануаль жана Берт Верстаппент, *«Мониторинг деген эмне?» (1 бөлүм) Адам укуктарына мониторинг жасоо жана документтештирүү сериясынан.* (HURIDOCS,2001) 3-бет.

Адам укуктарына мониторинг жүргүзүү бир нече эл аралык уюмдар тарабынан ишке ашырылат:

1) БУУ жана башка Америка Өлкөлөрүнүн Уюму, Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму сыяктуу өкмөттөр аралык уюмдар;
2) Улуттук адам укуктарынын инстуттары (адам укуктары боюнча комиссия же омбудсмен) сыяктуу өкмөттүк уюмдар;
3) Бейөкмөт уюмдар.

Ар бир категориядагы ар бир уюм өзүнө тиешелүү мандаттын чегинде мониторинг жүргүзөт. Алардын бары бирдей эле ыкмаларды колдонгонуна карабастан, мониторинг жүргүзүүнүн чектери (мүмкүнчүлүктөрү) укуктарга, изилденип жаткан топторго жана географиялык өзгөчөлүктөргө карап айырмаланышы мүмкүн.

Мониторинг кууш (жеке жабырлануучунун иши) жана кеңири (бир өлкөнүн ичиндеги адам укуктарынын жалпы абалы) түрдө колдонулат.

Фактылардын бетин ачуу – бул байкоо жүргүзүүнүн жардамы менен факт жөнүндө корутунду жасоо процесси. Мониторинг жүргүзүүгө караганда тарыраак түшүнүк катары фактылардын бетин ачуу адам укуктарын бузууга тиешелүү фактыларды аныктап, тактоо үчүн керек болгон маалымат чогултууну билдирет. Далилди тастыктоо максатында, фактылардын бетин ачуу процесси өтө кылдаттык менен иштөөнү талап кылат.

Адам укуктары жөнүндө маалымат булактары болуп баштапкы булактар (жабырлануучулар, күбөлөр, далил болуучу материалдар, ж.б.) , өкмөттүк органдар жана улуттук укук коргоо уюмдары, укук коргоочу жана башка бейөкмөт уюмдар, социалдык кызмат көрсөтүү органдары, ММК, илимий ишкерлер, келишимдердин иштешин байкоочу жана БУУнун башка органдары, эл аралык өкмөттүк уюмдар жана чет өлкөлүк мамлекеттик кызматчылар эсептелет. Фактылардын бетин ачуу жайында (укук бузу жасалган жерде) жана жайдан тышкары ишке ашырылышы мүмкүн.

Маектешүү (интервью) – фактылардын бетин ачуунун кеңири тараган жолу. Адам укуктарына эффективдүү мониторинг жүргүзүү үчүн фактылардын бетин ачууга багытталган интервьюга атайын даярдык жана анны алып барууда чеберчилик талап кылынат. Анын үстүнө, өзгөчө мүнөздөлгөн адамдар, мисалы, кыйноодон же гендердик зомбулуктан жабыркагандар, жаш балдар жана жергиликтүү адамдар менен маектешүүдө этияттык менен иштөө керек.

**ОКУЯ БОЛГОН ЖЕРДЕ БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮГӨ БУЛАР КИРЕТ**:

- Маалыматты билген адамдар менен интервью
- Өз көзүңөр менен текшерип чыгуу
- Байкоо жүргүзүү (мисал үчүн, соттук процессте)
- Тиешелүү документтерди карап чыгуу жана чогултуу
- Сүрөткө тартуу жана видео/аудио тасмага жазуу
- Соттук экспертиза

Фактылардын бетин ачуу ошондой эле документалдык далилдерди чогултуу жана карап чыгууну билдирет. Документалдык булактарга төмөнкүлөр кирет: мыйзамдар, эрежелер жана башка мамлекеттик документтер, катар, сот процессинин протоколдору, полициянын, түрмөлөрдүн протоколдору, видеожазуулар жана фотографиялар, медициналык жазуулар жана интервьюнун көчүрмөлөрү. Кошумча документалдык булактар болуп гезиттеги статьялар жана ММКнын билдирүүлөрү, китептер ж.б. жазма ресурстук материалдар эсептелиши мүмкүн.

Документтештирүү – фактылардын бетин ачуу боюнча иш-аракеттердин жыйынтыктарын кагазга жазууну жана маалыматты келечекте пайдалануу максатында сактоону билдирет. Адам укуктарын документтештирүү адам укуктарын окутууда, стандарттарды аныктоодо, жабырлануучуларга түздөн-түз жардам көрсөтүүдө, укук бузуучуларга күнөө коюуда жана тарыхый жазууларды алып барууда керектелет.

Адатта адам укуктарын документтештирүү нейтралдуу, окуяга тиешеси жок уюмдар тарабынан жүргүзүлүп келсе, бүгүнкү күндө жабылануучулар өзүлөрү болуп өткөндөрдү документтештирип жаткан учурлар бар. Мындай документтештирүү жабырлануучуну өзүнүн укуктары тууралуу окутуп, аны мындан аркы иш-аракеттерге даярдоодо пайдасы тиет.

Адам укуктары жөнүндө отчеттордун формасы жана аны колдонуунун максаты ар түрдүү болушу мүмкүн, а бирок жакшы даярдалган отчетто чогултулган маалымат корутундуланып, кийинки аткарылуучу иш-чаралар туурасында сунуштар болушу абзел.

## «Миннесоталык Адвокаттардын» адам укуктарына мониторинг жүргүзүүнү стратегиялык колдонушу

Жыл сайын ондогон адамдар жана уюмдар «Миннесоталык Адвокаттарды» Миннесотадагы жана дүйнөнүн башка жактарындагы адам укуктарынын проблемаларына мониторинг жасоо үчүн чакырышат. Ресурстары чектелүү чакан бейөкмөт уюм катары «Миннесоталык Адвокаттар» бул тактиканы кантип жана качан колдонуу жөнүндө стратегиялык чечим кабыл алышы зарыл. Алар өздөрүнүн иш алып баруусунун уникалдуу принциптерине таянышып, бир чечимге келишет. Мында алар өлкө ичиндеги жана жергиликтүү укук коргоо топтору менен шериктештик мамиле түзүшүп, ошондой эле профессионал волонтерлоду пайдаланышат.
Негизинен «Миннесоталык Адвокаттар» долбоорлордун үстүнөн шериктеш уюмдардын чакыруусу менен иштей башташат. Шериктеш уюм жергиликтүү деңгээлде адам укуктарына мониторинг жүргүзүү аларга кандайча жардам берерин түшүндүргөнгө милдеттүү. «Миннесоталык Адвокаттар» болсо проблеманы адам укуктарынын стандарттарына салыштыруу, аны жергиликтүү, улуттук жана эл аралык деңгээлде көтөрүп чыгууда кантип жардам берерин аныктайт.

Чечим кабыл алуучу алуучу процессти жеңилдетүү үчүн, «Миннесоталык Адвокаттар» долбоорлор менен миссиялар үчүн атайын колдонмону иштеп чыгышкан. Ал колдонмо долбоор канчалык деңгээлде талапка ылайык экендигин, анын «Миннесоталык Адвокаттардын» миссиясына дал келишин, аны ишке ашыруунун шарттарын жана күтүлүүчү жыйынтыктарды баалап чыгат. Бул маселелерди кылдаттык менен карап чыгуу бизге жаңы проекттин үстүнөн иштеп баштаардан мурун, анын багытын аныктоого жардам берет. Бул колдонмо башка топторго да жаңы проекттерди ишке ашыруу же ашырбоо тууралуу тура чечим кабыл алганга жардам берет.

Жаңы долбоордун «Миннесоталык Адвокаттардын» принциптери менен миссиясына карама-каршы билүү аныктоо үчүн биз төмөнкүлөрдү тактайбыз:

Долбоордун максаты эмнеде? Эмне себептен ал «Миннесоталык Адвокаттардын» максаттарына дал келет? Канткенде долбоор: 1) адам укуктарын бузуунун жеке жабырлануучуларына жардамы тиет; 2) укук бузууларга себеп болгон шарттарды өзгөртүүгө салым кошот; 3) адам укуктарынын абалын жашыртууга көмөк көрсөтөт.
Долбоор адам укуктарын жана адам укуктарынын абалын коомчулукка түшүндүрүүнү жакшыртууга кандай жардам берет? Долбоордун максаттары так аныкталганбы? Эгер аныкталган болсо, анда алар «Миннесоталык Адвокаттардын» стратегиялары менен дал келеби? Адам укуктарын тереңирээк түшүнүүнүн аны алга жылдыруу үчүн таасири барбы?

Мындан тышкары, «Миннесоталык Адвокаттар» долбоордун туура тандалгандыгын төмөнкү суроолодун жардамы менен аныктайт:

Бул долбоордун аткарылуу мөөнөтү изилденип жаткан укук бузуунун тегерегиндеги окуялар эскирип кеткенче бүтөбү? Башка укук коргоо уюмдары ушундай эле долбоордун үстүнөн иштеди беле? Эгер иштеген болсо, анда бул долбоор мурда жасалган ишке кандайча кошумча кошо алат? «Миннесота Адвокаттарынан» адам укуктарына байланышпаган маселелер тууралуу корутундуларды жасоо талап кылынабы, эгер кылынса канчалык деңгээлде? «Миннесоталык Адвокаттардын» Мындай

корутундуларды жасоодо тажрыйбасы барбы? Көз карандысыз жана бир тараптуу эмес жыйынтыктарга жетишүү үчүн долбоорду кантип каржылоо керек? Долбоор боюнча иштегендер тиешелүү жөндөмдүүлүккө ээби?

Долбоорду ишке ашыруунун шарттарын «Миннесоталык Адвокаттар» мындайча аныктайт:

Долбоордун ийгиликтүү болорун божомолдогон тема же долбоор ишке ашырылуучу өлкө тууралуу маалыматтын учурдагы статусу кандай? Бул маалымат такпы? Долбоорго кимдер катышат жана Алардын квалификациялары кандай? Долбоордун бюджети кандай? Аны ким каржылайт жана кандай өлчөмдө? «Миннесота Адвокаттары» канча кошумча кошо алат? Долбоордо иштөөгө «Миннесота Адвокаттарынын» кызматкерлеринен канча убакыт талап кылынат жана кандай адистер керек?

Долбоордун жыйынтыктары боюнча суроолор:

Долбоордун аткарылышынан кандай жыйынтыктар күтүлөт? Жыйынтыктарга кандайча баа берилет? Отчеттор коомчулукка жарыяланабы? Долбоордун аткарылышынан дагы кандай көзгө көрүнөрлүк нерселер жасалышы ыктымал? Андан аркы кандай изилдөөлөр жүргүзүлүшү же суроолор коюлушу керек? Долбоордун максаттарына толугу менен жетүү үчүн кандай эл агартуу жана пропагандалык аракеттер жасалышы маанилүү?

Эгерде сунушталган долбоор боюнча фактылардын бетин ачуу иштерин чет өлкөдө алып баруу талап кылынса, анда «Миннесоталык Адвокаттар» айрыкча төмөндөгүлөрү такташат:

Миссиянын ишине катыштыруу үчүн тиешелүү өлкөгө кирүү талаптарына жооп берген, анын тарыхын, элинин мүнөзүн, мамлекеттик түзүлүшүн, маданиятын жана салттарын терең түшүнгөн, тилин сүйлөгөн, компетенттүү волонтерлор барбы? Мониторинг жасалуучу өлкөдө байланыша турган кишилер барбы? Маалымат алуу булактары текшерилгенби? Миссиянын делегаттары жана алар байланыш жасаган адамдар үчүн опурталдуу жагдайлар болушу мүмкүнбү? Бул жагдайларды азайтуунун жолдору барбы? Долбоорго катышып жаткан адамдар ушул жагдайлардын астында иш алып барууга даярбы? Отчет менен сунуштар миссия өткөрүлгөн өлкөнүн өкмөтү үчүн же болбосо эл аралык уюмдар үчүн иштелип чыгабы? Киргизилген сунуштар эске алынабы же жокпу? Эгерде мурун дал ушундай эле жумуш жасалган болсо, анда кийинки жазылган коомдук отчет аны жөн гана кайталап калбагашы үчүн кандай аракеттерди жасоо керек?

## №2- мисалды изилдөө: Сабалган иммигрант аялдардын абалын документтештирүү долбоору

Тактиканы биздин коомдо пайдаланууну чечтик.

Дүйнөдө адам укуктарына гендердик негизде мониторинг жүргүзүү азыркы учурда кеңири колдонулуп жатканы менен, аялдардын адам укуктарын документтештирүү АКШда сейрек учурларда пайдаланылат. 2002-жылы «Миннесоталык Адвокаттар» алар чет өлкөдө колдонуп келишкен ыкмаларды АКШдагы иммигрант аялдардын үй-бүлөлүк зомбулуктан коргонууда жана укуктук, медициналык ж.б. жардам алуудагы тажрыйбасын изилдөөгө жана документтештирүүгө ыңгайлаштырышты.

Бул проблемага байкоо жасап, отчет жарыялоо демилгесин «Миннесоталык Адвокаттар» 1998-жылдан бери чогуу иштешип келаткан адвокаттардын, баш калкалоочу жай берип жана укуктук кызмат көрсөтүүчү уюмдардын коалициясы – Миннесоталык Иммигрант

жана Качкын Сабалган Аялдардын уюму коюшту. Алар бул проблеманы адам укуктары кароо аны эл аралык стандартка көтөрүп чыгарын айтышты – а бул болсо жагдайды өзгөртүү үчүн чара көрүүгө жардам берет. Анан калса, үй-бүлөлүк зомбулуктан дээрлик бүт аялдар жабыр тартканы менен, качкын жана иммигрант аялдар аларга карата күч колдонуунун ар кандай түрлөрүнөн коргонуу үчүн жардам алууда өзгөчө кыйынчылыктарга дуушар болушат. Изилдөө жана документтештирүү – зомбулукту жокко чыгаруу жана жабырлануучуларга керектүү болгон жардам алуу мүмкүнчүлүгүн түзүүдө маанилүү болгон биринчи кадам.

Бул долбоорду ишке ашыруу же ашырбоону чечүү үчүн, «Миннесоталык Адвокаттар» анын уюмдун миссиясына дал келүүсүн жана канчалык деңгээлде керектүүлүгүн эске алышты. Сабалган Иммигрант Аялдардын абалын Документтештирүү Долбоорунун максаты адам укуктарына мониторинг жүргүзүү ыкмаларын колдонуп, сабалган иммигрант аялдардын жардам алуусуна болгон тоскоолдуктар, ошондой эле жергиликтүү коомдогу иммигрант аялдардын муктаждыктарын камсыз кылууда өзгөчө эффективдүү болгон программаларды аныкташты. Миннесотадагы качкындар менен иммигранттардын тездик менен өсүп бараткан санын жана мамлекет менен графтыктын бюджеттеринин кыскарышын эске алганда, бул проблема өз маалында көтөрүлүп жаткан эле. Анын үстүнө, эч бир укук коргоочу уюм мындай жумушту буга чейин жасабаган.

«Миннесоталык Адвокаттар» адам укуктарына мониторинг жүргүзүү ыкмаларын колдонуп, адам укуктарынын эл аралык стандарттарынын сакталышына көз салышат жана өкмөттү анын саясатын эл аралык укукка дал келтирүүгө чакырышат, ал эми бул долбоор жасалып келген иш-чаралардын уландысы катары Миннесотадагы адам укуктарынын абалын тереңирээк түшүнүүгө жол берип, абалды сабалган иммигрант жана качкын аялдардын пайдасы үчүн өзгөртүүгө салым кошмок.

«Миннесоталык Адвокаттар» сунушталган долбоорду ишке ашыруунун шарттары жана андан күтүлгөн жыйынтыктарды да карап чыгышты. «Миннесоталык Адвокаттардын» жумушчу тобу менен волонтерлорунун гендерге негизделген адам укуктары жана иммиграция саясаты боюнча тажрыйбасы бул долбоору биздин коомдо өтө жогору деңгээлде ишке ашырууга шарт түздү. Волонтерлордун салымы жана эмгек акысын биздин уюмдан тышкары алышкан укуктук адистердин жардамы менен бул долбоорго минималдуу өлчөмдөгү эле каражат жетиштүү болду. Ошентсе да, бюджеттин тартыштыгына байланыштуу долбоор Миннеаполис/Сан Пол метрополитандык чөлкөмүн гана камтый алды.

Долбоордун аягында күтүлгөн отчет төмөндөгүчө болушу зарыл эле:

1) аялдарды зомбулуктан коргоо жана жабырлануучулардын адекваттуу, эффективдүү жардам алуусун камсыз кылуу боюнча өкмөттүн адам укуктары боюнча эл аралык милдеттенмелеринин аткарылышына баа берет,
2) программа жана саясат боюнча сунуштарды карап чыгат. Андан ары бул отчет мыйзамдарды өзгөртүүнү пропагандалоодо жана бул маселелер боюнча маалымдуулукту жогорулатуу үчүн пайдаланылмак.

## ТАКТИКАНЫ ЫҢГАЙЛАШТЫРУУ

Адам укуктарынын ыкмалары интервью өткөрүүнүн чектерин жана отчет жазууну, ошондой эле көңүл чордонун өкмөттүн жоопкерчилигине кантип бурууну үйрөтөт. Адам укуктарынын стандарттарын бул контексте колдонуу аялдардын коопсуздукка, мыйзам чегинде бирдей мамилеге болгон укуктарынын аткарылышын камсыз кылуудагы өкмөттүн жоопкерчилигин аныктайт, жана өкмөт мыйзамды сактабаган учурларды аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Сабалган Иммигрант Аялдардын Абалын Документтештирүү Долбоору мындайча ишке ашырылды.

**<u>Биринчи кадам</u>: Кандай маалымат керектигин жана аны кантип алуунун жолдорун аныктоо.** Фактылардын бетин ачуунун максаты – качкын жана иммигрант аялдарды зомбулуктан коргоо боюнча мамлекеттин эл аралык милдеттенмелеринин аткарылышына объективдүү баа берүүгө керек болгон маалыматты чогултуу эле. Алдын ала изилдөөнүн учурунда аялдардын, качкындардын жана иммиграниттардын, өзгөчө, иммигрант аялдардын проблемалары менен иштеген жергиликтүү уюмдар менен байланыш түзүлдү. Мындай алдын ала изилдөөнүн жыйынтыгында, «Миннесоталык Адвокаттар» интервью өткөрүлө турган адамдар менен уюмдардын тизмесин түзүп чыгышты. Интервью өткөрүлгөн адамдардын кээ бир категориялары (адвокаттар, соттор, полиция), «Миннесоталык Адвокаттардын» чет өлкөлөрдөгү фактылардын бетин ачуу боюнча иштериндегидей эле тандалса, ал эми калган категориядагылар (иммиграциялык кызматта иштегендер, котормочулар, социалдык кызмат көрсөтүүчүлөр) жаңы долбоор үчүн атайын тандалып алынды. Жумушчу тобу ошондой эле изилдөөгө керек болгон соттук отчетторду жана башка документтерди тактап чыгышты.

**<u>Экинчи кадам</u>: Волонтерлорду тандап алуу жана окутуу.** «Миннесоталык Адвокаттар» фактылардын бетин ачуу тобуна тогуз волонтерду тандап алышты. Волонтерлордун көбү юристтер болушуп, кай бирлери «Миннесота Адвокаттарынын» чет өлкөдөгү аялдардын укуктары боюнча фактылардын бетин ачуу миссияларында катышышкан. Ал эми калгандары болсо чет өлкөгө чыгууга мүмкүнчүлүгү болбой, бирок адам укуктарына байланыштуу ишти Миннесотанын ичинде аткарууга дилгир болгондор эле. Волонтерлор менен кызматкерлер адам укуктары боюнча фактылардын бетин ачуу, үй-бүлөдөгү зомбулук жана иммиграция маселелерин камтыган тренингдердин сессиясына катышышты. Андан сырткары, жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрү жана үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштеген укук коргоочулар долбоордун Жетекчи Комитетинин ишине тартылды.

**<u>Үчүнчү кадам</u>: Фактылардын бетин ачуу.** «Миннесоталык Адвокаттардын» жумушчу тобу жана волонтерлору фактылардын бетин ачуу тобу үчүн кеңири аудитория менен ар тараптуу интервьюлардын графигин түзүп чыгышты. Бул, сабалган качкындар жана иммигрант аялдар туш болуп жаткан проблемаларды терең түшүнүү максатында жасалды. 130дан ашуун интервьюлар укук адистери (адвокаттар, прокурорлор, соттор, иммиграция кызматында иштегендер, жаш балдарды коргоо кызматындагылар), полициянын кызматчылары, врачтар жана башка саламаттыкты сактоо кызматкерлери, котормочулар, жана социалдык кызматчылар менен жүргүзүлдү. Акырында, фактылардын бетин ачуучу топ, баш калка менен камсыз кылган адвокаттар сунуштаган үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен качкындар жана иммигрант аялдар менен да интервью жасашты.

Маалыматты чогултуу жана баа берүү стадиясында белгилүү болгон фактылардын аныктыгын билүү максатында, аларды ар кайсы булактардан алынган маалыматтардын негизинде териштирүү да жөнгө салынды. Интервьюлардан чогултулуп, отчет жазууда колдонулган маалыматтар анонимдүү – адамдардын аты-жөнү өзгөртүлүп, ал эми уюмдар менен маалымат булактары аларды жалпы сүрөттөө аркылуу эле берилген. Изилдөөнүн жыйынтыгында маалым болгон фактылардын нускасы «Миннесоталык Адвокаттардын» офисинде сакталат; жумушчу тобу менен волонтерлордун гана муну алганга мүмкүнчүлүгү бар.

**<u>Төртүнчү кадам</u>: Чогултулган маалымат жана башка жазма материалдарды кайрадан карап чыгуу.** Жумушчу тобу сабалган качкын жана иммигрант аялдарга тиешелүү документтерди чогултуп, кайрадан карап чыгышты. Топтун мүчөлөрү расмий маалыматтарды, алардын ичинде, соттун жарандык жана кылмы-жаза иштери боюнча

документтерин текшеришти. Андан тышкары, саламаттыкты сактоо боюнча окутуу материалдары да каралып чыкты.

**<u>Бешинчи кадам</u>. Отчеттун алгачкы нускасын даярдоо.** Долбоордун фактыларды чогултуу стадиясынын аягында, «Миннесоталык Адвокаттар» отчет жазып чыгышты. Анда чогултулган фактылар көрсөтүлүп, ошондой эле мыйзам чыгаруу, саясат жана укук коргоо чөйрөлөрүндө өзгөртүү киргизүү үчүн керек болгон сунуштар да берилет. Отчет жазуучу топко эки толук штаттык кызматкер, жана интервью өткөрүү стадиясында түздөн-түз катышкан үч адвокат волонтерлор киришти. Мында качкын/иммигрант жабырлануучулар менен иммигрант эмес жабырлануучулардын иштерин салыштыруу ыкмасы колдонулду. Бул салыштыруу, мамлекет кайсы учурларда качкындар менен иммигранттарды үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана аларга белгилүү бир укуктук же социалдык кызмат көрсөтүү боюнча жоопкерчилигин аткарбай калгандыгын баса белгилөө үчүн гана пайдаланылды. Долбоордун Жетекчи Комитети отчеттун алгачкы нускасын даярдоону көзөмөлгө алып, аны карап чыгып, өзүнүн пикирлерин кошту жана жыйынтыктоочу интервьюлар боюнча сунуштарды киргизди. Андан тышкары, Жетекчи Комитет «Миннесоталык Адвокаттарга» отчету таратуунун стратегиялары боюнча кеңеш берип, ошондой эле «Миннесоталык Адвокаттарга» отчет боюнча өкмөттүк жана жергиликтүү уюмдардан, алардын ичинде иммигранттардын уюмдарынан берилиши мүмкүн болгон жоопторду эскертишти.

**<u>Алтынчы кадам</u>. Отчетту маалымдуулукту жогорулатуу жана пропаганда (эдвокаси) үчүн пайдалануу**. Жергиликтүү адвокаттар жана мамлекеттик кызматчылар менен биргеликте, «Миннесоталык Адвокаттар» отчетту Миннеаполис/Сант. Пол метрополитандык аймагындагы зомбулуктан жабыркаган качкын жана иммигранттардын муктаждыктары менен проблемалары тууралуу маалымдуулукту жогорулаттуунун куралы катары колдонуунун планын ойлоп чыгышты. «Миннесоталык Адвокаттар» бул проблемалардын көбүн адвокаттар жана мамлекеттик кызматчылар менен буга чейин Сабалган Иммигрант жана Качкын Аялдардын уюмунун демөөрчүлүгү менен өткөн ар түрдүү конференциялар аркылуу талкуулап келишкен. 2004-жылдын апрелинде өткөн Үй-бүлөдөгү Зомбулук жана Иммиграция боюнча Борбордук Миннесота Коференциясы буга мисал боло алат. 2004-жылдын күзүндө «Миннесоталык Адвокаттар» отчетту жарыкка чыгаруудан бир жума мурун жеке тегерек стол өткөрүшүп, анда отчет мамлекеттин жогорку деңгээлдеги өкүлдөрүнүн жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын отросунда талкууга алынат. Ошондой эле, отчетту жарыялоону качкын жана иммигрант аялдардын жардам алуудагы кыйынчылыктарына арналган коомдук конференция өткөрүү аркылуу ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү да талкууланат. Отчет жарыялангандан кийин «Миннесоталык Адвокаттар» сабалган иммигрант аялдар менен түздөн-түз иштөөчү мамлекеттик кызматчыларды отчеттун жыйынтыктары менен кеңири тааныштыруу масатында атайын тренингдерди өткөрүшөт.

## САБАК БОЛУУЧУ НЕРСЕЛЕР

Мониторинг боюнча ар бир долбоорду ишке ашырууда «Миннесоталык Адвокаттар» улам жаңы кыйынчылыктарга туш болушуп, маанилүү сабактарды алышты. Жалпысынан алганда, адам укуктарына мониторинг жүргүзүүнүн өзү эффективдүү тактика болгону менен, аны эл агартуу жана эвокаси (пропаганда) иш-чаралары менен чогуу колдонуу анын натыйжалуулугун ого бетер жогорулатарын көрдүк. Андан сырткары, биринчи кейс-стади көрсөткөндөй, өлкө ичиндеги укук коргоочу топтор менен отчет жарыялангандан кийин деле байланышты үзбөй туруу абдан маанилүү экен. Шериктештикти ар дайым кармап туруу чыныгы өзгөрүүлөргө жол берет.

Фактылардын бетин ачуу туурасында да бизге айрым учурлар өзгөчө сабак болду. Мисал үчүн, потенциалдуу маалымат булактары тууралуу чыгармачылык менен ой жүгүртүү абзел. Перуда, биз Чындык жана Макулдаштык Комиссиясы, өткөөл мезгилдеги адилеттүүлүк процесси жөнүндө ар бир такси айдоочулардын пикирин сурап баштадык. Анда биз такси айдоочулардын көбү өлкө ичинде күч менен көчүрүлгөндөр, ал эми калгандары адам укуктарын бузуунун башка түрлөрүнөн жабыркагандар экендигин билдик. Анан калса, Миссиянын алгачкы стадиясында ММК тарабынан өткөрүлгөн иш-аракеттер жогорку деңгээлдеги мамлекеттик кызматчылар менен интервью өткөрүүгө чоң жардам берерин түшүндүк.

«Миннесоталык Адвокаттар» фактылардын бетин ачууда волонтерлорду колдонуу жаатында да бир топ тажрыйбага ээ. Волонтерлор (фактылардын бетин ачуучулар) адам укуктарына мониторинг жасоонун ыкмалары гана эмес, изилдөө жүргүзүлүүчү өлкө жана изилденүүчү проблемалар тууралуу да атайын тренингдерден өтүүсү зарыл. Интервью өткөрүү чеберчилигине өзгөчө көңүл буруу керек. Кыйноонун же жаракат (травма)алуунун курмандыктары менен интервью өткөрүү боюнча өзүнчө тренинг өтүлүшү кажет. Анан калса, фактылардын бетин ачуучулар жана алардын котормочуларынын маданияты алар жасап жаткан ишке төп келиши шарт.

Кылдаттык менен пландаштыруу интервью өткөрүүдө берилген суроолo жабырлануучулардын жаракатын (травмасын) ого бетер күчөтүү мүмкүнчүлүгүн азайтат. Интервьюну баштоодон мурун, фактылардын бетин ачуучулар этияттык менен өздөрүнүн Ким экендигин, эмне жумуш жана аны кандай максатта жасап жаткандыгын түшүндүрүшү керек. Фактылардын бетин ачуучулар аялдарга алар бөлүшүп жаткан маалымат кандайча керектелерин да айтышы керек. Мисалы, фактылардын бетин ачуучулар интервьюга катышкандарга алардан алынган маалымат отчет жазууда пайдаланылып, бирок алардын аты-жөнү ж.б. жеке маалыматтар кофиденциалдуу бойдон каларын жеткириши зарыл. Ошондой эле, фактылардын бетин ачуучулар адамдарды интервьюга өз эрки менен катыштыруусу шарт. Зордуктоо жана башка жыныстык кылмыштардын жабырлануучулар болгон аялдар менен аял волонтерлор жана котормочулар иштегидей кылып, алдын ала план түзүү да өтө маанилүү. Сабалган Иммигрант Аялдардын Абалын Документтештирүү Долбоорун ишке ашырууда жергиликтүү баш калкаллар жай менен камсыз кылган адвокаттардын жардамын пайдалануу абдан чоң роль ойноду. «Миннесоталык Адвокаттар» өздөрүнүн тажрыйбасын аларга айтып берүүгө даяр болуп, жергиликтүү адвокаттар тарабынан тандалган аялдар менен гана интервью өткөрүштү. Жергиликтүү адвокаттардын жабырлануучуларды интервьюга алдын ала даярдашы аларды анонимдүү бойдон каларына ишендирүү максатында жасалды.

Фактылардын бетин ачууну атайын топтун жардамы менен ишке ашырууда кимдер суроо берүүчү жана кимдер кагазга жазуучу болорун алдын ала аныктоо керек экендигин билдик. Берилүүчү суроолордун тизмеси мурдатан даярдалып алынганы менен, айрым учурларда кошумча суроолорду берүү зарылчылыгы туулат. Фактылардын бетин ачуучулар Интервьюну ачык, эч бир позицияга ыкташпаган, жана жаңы суроолордун берилишине мүмкүнчүлүк түзгөн суроолордун жардамы менен алып баруу абзел. Бул суракtын аныктыгын жана чындыгын билүүгө жол берет.

Сабалган Иммигрант Аялдардын Абалын Документтештирүү Долбоору адам укуктарына мониторинг жүргүзүүнү АКШда колдонуу уникалдуу кыйынчылыктарды туударганын көрдүк. Бул ишти чет өлкөдө жасаганда, бизге болгон реакциялар алыстан келчү. А бул жолу биз ушул эле коомдун бир бөлүгүбүз. Биз отчет аркылуу өзгөрүүгө болгон эң жакшы чакырыкты кандайча билдирүүнү кылдаттык менен пландаштырдык. Долбоордун Жетекчи Комитети жана Миннесоталык Качкын жана Иммигрант Сабалган Аялдардын ---

-- менен кеңешкенден кийин, биз мамлекеттик органдардын жогорку деңгээлдеги бир нече мүчөлөрү менен чогуу отчетту жана мамлекеттик иш-чаралар боюнча сунуштарды талкуулоо максатында тегерек стол өткөрүүнү чечтик. «Миннесоталык Адвокаттар» бул тегерек столду отчетту жарыялоодон бир жума мурун өткөрүшүп, отчеттун нускасын тегерек столдун катышуучулардын ар биринин өз колуна жеткиришти. Муну жасоо менен «Миннесоталык Адвокаттар» проблемаларга кайрылууда мамлекеттик органдардын колдоосун издешти. Отчеттун жарыялануусу жөнүндө алдын ала билдирүү соттор жана мамлекеттик органдар тарабынан терс жооптордун алынышына шарт түзгөн тобокелке салуучулук эле, бул болсо «Миннесоталык Адвокаттардын» пропагандалык демилгелерин, отчеттун таасирин жокко чыгарып коюшу мүмкүн эле.
Ошондой эле, биз фактылардын бетин ачуу жана отчетту жарылоо процессинде өзгөчө этияттык керек экендигин түшүндүк, себеби калктын ар түрдүү катмарларынын, жарандык статусу ар кандай адамдардын, отчетке кирип жана кирбей калган аялдардын ортосунда кызуу талаш-тартыштардын пайда болушу айкын болду. Жетекчи Комитеттин кийлигишүүсү бул иштин калктын ар түрдүү катмарларынын деңгээлине ылайыктап балып баруудa чечүүчү ролду ойноду.

## №3-мисалды изилдөө: Өткөөл процесстеги адилеттүүлүк системасына адам укуктар боюнча мониторинг жасоо

2002-жылы «Миннесоталык Адвокаттар» адам укуктарына мониторинг жүргүзүү ыкмаларын сот системасынын өткөөл процесси ийгиликтүү болушуна салым кошуу үчүн пайдаланышты. Адилеттүүлүк системасынын өткөөл процессине болгон импульстар укук коргоо ишинде жаңы эранын башталышын билдирет. Дүйнөдөгү мамлекеттер зомбулук менен репрессиядан тынчтыкка, адилеттүүлүккө жана макулдаштыкка өтүп жатышат. Акыркы эки он жылдыкта жыйырмадан ашык адилеттүүлүк комиттетери иштеди. Алар Босния Герцеговинада, Чыгыш Тимордо, Югославия Федеративдик Республикасында (Сербия жана Черногорияда), Нигерияда, Перуда жана Сьерра Леонеде жайгашышты. Камбоджа, Колумбия, Ямайка, Либерия. Мексика, Марокко, Түндүк Ирландия, Филиппины, Уганда жана Зимбабве сыяктуу диверсиялык өлкөлөрдө атайын топтор жана жеке инсандар адилеттүүлүктүн өткөөл механизмдерин орнотууга чакырып келишет.

Адам укуктарына мониторинг жасоо адилеттүүлүк системасынын өткөөл процессинин ийгиликтүү өтүшүндө чоң роль ойной алат. Адам укуктарынын сакталышын изилдөө жана байкоолордун жыйынтыгын элге жарыялоо бул процесс өз нугунда өтүп жаткандыгын көзөмөлдөп турат. Мониторчулар суракка катышууга кыйынчылык менен макулдук берген жабырлануучуларга моралдык жана эмоционалдык колдоо көрсөтүшөт. Ошондой эле мониторчулар адилеттүүлүк системасынын өткөөл процессине эл аралык коомчулуктун көңүлүн буру менен аны легитимдештирүүнү алга жылдырышат. Акыр аягында, адам укуктарына мониторинг жасоо өкмөттү адилеттүүлүк комиссиясынын сунуштарын аткарууга мажбурлайт.

2002-жылдын жайында Перунун «Paz y Esperanza» деп аталган укук коргоочу бейөкмөт Уюму «Миннесоталык Адвокаттардан» Перудагы Чындык жана Макулдаштык Комиссиясынын(ЧМК) процессине катышу үчүн эл аралык байкоочулардын тобун жөнөтүүнү суранды. «Paz y Esperanza» эл аралык байкоочулардын ал жерде катышуусу ЧМК процессине ММКнын көңүлүн буруп, өкмөттү ЧМКнын сунуштарын аткарууга мажбурлайт деп ынандырышты. Перудагы ЧМКнын мандатына 1980-жылдан 2000-жылга чейинки үч башка бийликтин тушунда жасалган адам укуктарын бузуу фактыларынын коомго тийгизген зыянын жана таасирин анализдеп чыгуу кирген. Ошондой эле ЧМКга өзү жасаган иштер боюнча отчет жазуу менен институционалдык реформалар жана жабыркагандарды репарациялоо тууралуу сунуштарды берүү жүктөлгөн.

Перу Долъбooруна бир толук штаттагы кызматкер жана тогуз волонтер адвокаттар кирди. Бул топ 2002-жылдын ноябрь айынын башында Перуга барып, Лимада жана Айакучодо фактылардын бетин ачуу иштерин жасашты. Топтун мүчөлөрү жабырлануучулар, алардын үй-бүлө мүчөлөрү, укук адистери, ЧМКнын жумушчу тобу жана мүчөлөрү, соттор, АКШнын өкмөт кызматчылары, бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү, прокурорлор, полиция, жана адилет министрлигинин кызматчылары, Defensoria del Pueblo(Адам Укуктарынын Омбудсменин офиси), ошондой эле аткаруу бийлиги (Президент жана Министрлер Совети) менен жекече интервьюларды алып барышты. Ошондой эле делегация эки түрмөгө жана кыйноодон жапа чеккендерди дарылоо борборуна барышты. Топтун эки мүчөсү курмандыктар массалык түрдө көмүлгөн жайларды ЧМК каржылаган эксгумацияга да катышып, байкоо жасашты. Көзгө көрүнөрлүк маалымат жергиликтүү басма, телевидение жана радио каражаттарынан да чогултулду.

Аягында «Миннесоталык Адвокаттар» ЧМК процессинин ийгиликтүү болушуна чоңсалым кошо алары айкын болду. ЧМКнын президентинин суроосу боюнча «Миннесоталык Адвокаттар» аларга отчеттун алгачкы вариантын жиберишти, анда ЧМКнын жыйынтыктоочу отчетуна киргизүүгө дайындалган адам укуктарынын эл аралык стандарттары, укуктук, соттук жана башка реформалар туурасында сунуштар камтылган. «Миннесоталык Адвокаттар» ЧМК жана ЧМК өз ишин 2003-жылдын августунда аяктагандан кийинки колдоочу иш-чаралар жөнүндө АКШда жана Буда маалымдуулукту жогорулатуучу иштерди алып барышты.

«Миннесоталык Адвокаттар» 2004-жылдын августунда ЧМКнын жыйынтыктоочу отчетунун жарыяланышынын бир жылдык юбилейине Перуга кайра барышты. Бул саякаттын максаты Перунун өкмөтү тарабынан ЧМКнын сунуштарынын кандайча аткарылып жатышы жана ЧМК көрсөтүп өткөн күнөөкөрлөр жоопко канчалык деңгээлде тартылып жаткандыгына мониоринг жүргүзүү эле. Ушул себептен «Миннесоталык Адвокаттар» конгресстин мүчөлөрү, аткаруу бийлиги, прокуратура, полиция жана соттор, ошондой эле жарандык коомдун бейөкмөт уюмдары менен фактылардын бетин ачуу интервьюларын өткөрүштү.

«Миннесоталык Адвокаттардын» Перудагы ЧМК процесси боюнча жыйынтыктоочу отчету 2004-жылдын аягында жарыкка чыгат. Адам укуктарынын эл аралык стандарттарын ЧМК процессин анализдөө үчүн колдонуп жазылган отчет, ЧМКнын ишине тиешелүү жагдайларды жана адам укуктарына байланыштуу тандалып алынган маселелерди ийне-жибине чейин сүрөттөп көрсөтөт. Ошондой эле отчетто Перунун өкмөтүнө, бейөкмөт уюмдардын коомчулугуна жана башка ЧМК процессинин тиешелүү катышуучуларына сунуштарды камтыйт.

Перудагы адилеттүүлүк системасынын өткөөл процессин байкоо тажрыйбасына таянышып, «Миннесоталык Адвокаттар» 2004-жылы Сьерра Леонедеги өткөөл процесстеги адилеттүүлүк системасына мониторинг жасоону башташты. 1991-жылдан 1999-жылга чейинки аралыкта жасалган адам укуктарын бузуу фактыларын изилдеп, тарыхый маалыматттарды жазган Сьерра Леоненин ЧМКсынан тышкары, Сьерра-Леонеде күнөөкөрлөрдү жоопко тартуунун өзүнчө механизми бар. Сьерра Леоненин Атайын Соту – Сьерра Леонедеги жана эл аралык мыйзамдарды, сотторду жана прокурорлорду колдонгон көз карандысыз сот. Соттун мандатына «улуу жоопкерчиликтүү» болгон адамдарды эл аралык гуманитардык укукту олуттуу түрдө бузгандыгы жана 1996-жылдын 30-ноябрынан 1999-жылга чейинки иштеген улуттук мыйзамдарга ылайык белгилүү бир кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттойт.

«Миннесоталык Адвокаттардын» эки штаттык кызматкерден жана үч волонтердон турган тобу 2004-жылдын майында Сьерра Леонеде эки жума өткөрүштү. Бул убакыттын ичинде

алар Бо, Коно жана Кенема Аймактарында окуя болгон жерлерде изилдөөлөрдү жана кырктан ашуун фактылардын бетин ачуучу интервьюларды алып барышты. Изилдөөчү топ БУУнун Сьерра Леонедеги миссиясы, ЧМКнын комиссарлары жана жумушчу тобу, мамлекеттик кызматчылар, жабырлануучулар, күбөлөр, ММК, полиция, юристтер, жарандык коомдун уюмдары, парламенттин мүчөсү жана Сьерра Леоненин Жогорку Сотунун төрагасы менен интервью жасашты. Ошондой эле алар Атайын Соттун бардык органдарынын (Прокурордун офиси, Жактоонун офиси, Каттоо офиси, Палаталар) жумушчу топтору менен, андан тышкары күбөлөрдү колдоо, ММК жана коомдук мамилелер боюнча офистерде иштеген адамдар менен да кезигишти. Буга кошумча, изилдөөчү топ Сьерра Леоненин Атайын Сотунун алдын ала камоо имараттарын, эки ----- лагерин, качкындардын лагерин жана кыйноодон жабыркагандарды дарылоочу борборду көрүп чыгышты.

Азыр топтун мүчөлөрү интервьюдан жазылп алынган маалыматтарды такташым, Сьерра Леонедеги адилеттүүлүк системасынын өткөөл процесси тууралуу отчеттун алгачкы нускасын даярдап жатышат. «Миннесоталык Адвокаттар» изилдөөчү топтун чогулткан маалыматын Перу менен Сьерра Леонедеги адилеттүүлүк системасынын өткөөл процесси жөнүндө жазма жана оозеки жарыяларды БУУнун Адам Укуктары боюнча Комитетинин 2004-жылдагы жолугушуусуна сунуштоого да пайдаланышты. Кошумча маалымдуулукту жогорулатуу жана эдвокаси(пропагандалык) иш-аракеттерге веб-сайтка коюлган материалдар, жергиликтүү маалымдуулук форумдары жана орто мектептер менен университеттердин программасына ылайыктап жазылган өткөөл адилеттөөлөк системасы тууралуу материалдар кирет.

## КОРУТУНДУЛАР

Бир аз чыгармачылык жана көптөгөн кылдат даярдыктар менен жасалган адам укуктарына мониторинг өлкө ичинде жана дүйнөнүн булуң бурчтарында адам укуктарынын абалын жакшыртууга кыйла салымын кошот. Өкмөттүн ЧМКнын сунуштарын аткарууга жана күнөөкөрлөрдү жоопко тартууга дилгирлиги күмөн болгон Перу сыяктуу өлкөдө, адам укуктарына мониторинг жүргүзүү жана эл аралык коомчулуктун басымы, өлкөдө адилеттүүлүк системасынын өткөөл процесси ийгиликтүү өтүшүндө маанилүү ролду ойноочу күчкө ээ. Миннесотада болсо адам укуктарына мониторинг жасоо иммигрант аялдарды коргоону жакшыртуу үчүн өкмөттүн эрежелерин жана иш алып баруу адаттарын өзгөртүүнү мүмкүн кылат.

«Миннесоталык Адвокаттардын» 21 жылдан бери адам укуктарына мониторинг жүргүзүү ыкмаларын ийгиликтүү колдонуп келе жатышы бир нече факторлордун жыйынтыгы, анын ичинде эбегейсиз жумуштарлы жасаган волонтерлорду пайдалануу эң акыркылардан эмес. Ошентсе да, адам укуктарына мониторинг жасоону тандап алгандар эске алуучу төмөнкү эки факторду белгилеп кетүү керек: (1) Тактиканы кантип жана качан колодонуу жөнүндө (ар бир уюмдун жекече миссиясынын, иш алып баруу принциптеринин жана жөндөмдүүлүгүнүн негизинде) стратегиялык чечимдерди кабыл алуу; жана (2) Бул тактика №1-мисалды изилдөө көрсөткөндөй үзгүлтүксүз шериктештик менен иш алып барруда, же №2 мисалды изилдөөдө берилгендей, маалымдуулукту жогорулатуу жана эдвокаси (пропаганда) сыяктуу чоңураак стратегиянын бир бөлүгү катары колдонулганда көбүрөөк натыйжа берет. Ушул пикир менен биз «Миннесоталык Адвокаттар» сыяктуу чакан бейөкмөт уюмдар адам укуктарына мониторинг жүргүзүү ыкмаларынын жардамы менен көптөгөн өлкөлөрдө адам укуктарынын абалын жакшырта аларына бекем ишенебиз.

## Бул тактиканы колдонуу тууралуу эмнелерди ойлоп чыгуу керек?:

«Миннесоталык Адвокаттар» бул тактиканы жаңы контексте пайдаланууга ыңгайлаштырууда төмөнкү суроолорду эске алууну сунуш кылышат:

- Силердин мониторинг кандай маселелерди камтыйт?
- Силер кандай маалыматты чогултууңар керек?
- Аны кайдан аласыңар?
- Кандай документтерди чогултасыңар?
- Дагы башка кандай докментацияны жүргүзөсүңөр (фотографиялоо ж.б.)?
- Кимдер менен интервью өткөрөсүңөр? (Силерге керек болгон маалыматты кимден алууга болорун кеңири ойлонгула)
- Белгилүү бир адамдар (мисал үчүн жабырлануучулар)менен интервью өткөрүүдө эске ала турган учурлар барбы? Ошол интервьюларды алып барууга кантип даярданасыңар?
- Силер байкоо жүргүзө турган окуялар барбы?
- Силер текшерип чыга турган жерлер (жайлар) кайсылар?
- Миссиянын иши канчалык түрдө ачык болорун аныктадыңарбы? Массалык маалымат каражатарын ишиңерге кандайча аралаштырасыңар?
- Фактылардын бетин ачуу миссиясынан кайтып келгенден кийин кандай үзгүлтүксүз мониторинг жасайсыңар?
- Өзүңөр жазган отчетту кандайча пайдаланасыңар?
- Силердин миссияңардын жыйынтыгында отчеттен башка кандай көзгө көрүнөрлүк нерселер жасалат?
- Андан аркы маалымдуулукту жогорулатуу жана эдвокаси боюнча кандай иш-чараларды жасайсыңар?